Бекитемин:
Убактылуу директордун
милдетин аткаруучу____________________Кенеева.Г

Б.Календеров атындагы орто мектебинин **терроризмди** алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча жылдык иш планы.
2022-2023-окуу жылы үчүн

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектепте терроризмди алдын алуу боюнча иш план түзүп бекиттирүү | Сентябрь | Соц.педагог |
| 2 | Терроризмди алдын алуу боюнча мектепте бурч уюштуруу | Октябрь | Соц.педагог |
| 3 | Терроризм деген эмне? (тегерек стол) | Октябрь | 11-кл.каласс жетекчилери |
| 4 | Терроризди алдын алуу.(тарбия саат) | Ноябрь | Турусбекова.М |
| 5 | Диний уюмдар жана кыймылдар. | Январь | Соц.педагог |
| 6 | Ислам дини жана жаштар.(жолугушуу) | Февраль | Сой.педагог |
| 7 | Диний көз караштар. | Февраль | 10-кл.класс жетекчилери |
| 8 | Радикализм түшүнүктөрү. | Март | Касымова.Ж |
| 9 | Анкеталык сурамжылоо | Апрель | Соц.педагог |
| 10 | “Терроризмге каршыбыз” (жүрүш уюштуруу) | Апрель | Уюштуруучу |
| 11 | Биз тынчтыкты каалайбыз. | Май | Соц.педагог |

Социалдык педагог: Курманалиева Нуржан

Сабактын темасы:Терроризмди алдын алуу.

Сабактын максаты:

-«Терроризм» жана «Радикализм» боюнча окуучуларга маалымат берүү

-Ар түрдүү чөйрөдө болгон терроризмдин кесепеттерин талкулоо

-Балдарды адептүүлүккө,сабырдуулукка тарбиялоо.

Керектелүүчү ресурстар:

-тех.каражат,ватмандар,маркерлер.

Сабактын жүрүшү:

-Мээ чабуулу.Терроризм деген сөздү уктуңар беле балдар?

-Видео ролик көрсөтүү,лекция окуп "Терроризмди алдын алуу" боюнча лекция

-Топтордо иштөө

-Жыйынтыктоо

Мугалим: Бүгүн биз балдар силер менен бирге коомчулукта терс кесепеттерге алып келген жана терс таасирин тийгизгенактуалдуу түшүнүк карайбыз.Экстремизм,терроризм деген эмнени түшүндүрөт,кандай зыяндуу жактары бар,кандай таасирин тийгизет жана эмнеге алып келе тургандыгы жөнүдө сөз кылабыз.

Балдар биз бул сөздөрдү уктук беле буга чейин? Терроризм дегенге кандай түшүнөсүңөр?

Окуучулардын жоопторун угабыз.

Рахмат балдар түшүнүгүңөр жана жоопторуңар үчүн.

-Экстремизм –чектен чыгуу дегенди түшүндүрөт.

Чектен чыккан көз караштарга,ченемдерге күч колдонуу аркылуу чектен чыгып берилгендик.Экстремисттер ар кандай иш аракеттерди колдонушат,ал эми ошол иш аракеттер күч колдонуу менен коштолуп коомчулукка жана укукка каршы келген аракеттер болушу мүмкүн.

-Терроризм-элге,мамлекетке кыянаттык кылып,ошонун негизинде укуктук бийликти коркутуп,өзүнүн идеологиялык түпкү максатына жетиш үчүн башкаларды багындыруу жана иштетүү болуп саналат.Учурда терроризм коркунучу,андан пайда болгон мүшкүл дүйнөлүк масштабда трендге айланып,ал жергиликтүү көрүнүштөн глобалдык бир көрүнүшкө айланып баратат.

Терроризмдин пайда болуусунун бир нече себептери бар:

-Жакырчылык жана теңсиздик

-Сабатсыздык жана караңгылык

-Чөйрөнүн терс таасири

-Бийликтеги кызыкчылык

-Сырткы таасирлер ж.б.

-Балдар эми видео материалды көрөбүз.

Кана балдар "Терроризмди алдын алуу" боюнча түшүндүңөр деп ойлойм. Эми топко бөлүнгөнүңөр боюнча топ-топ менен иштейбиз.

1-топ Терроризмден кантип мамлекетти коргоо керек?

2-топ Сирия жөнүндө жазабыз.

Ар бир топтон бирден бала жактап беришет.

Бүгүнку сабакка активдүү катышып бергениңер чооң рахмат.

Үйгө тапшырма: "Терроризм деген эмне?" деген темада жазып келесиңе.

**Терроризм боюнча тест алуу.**

№1.Терроризм деген эмне?

-Кинонун жанры

-Адамга жана мамлекетке каршы кылмыштын оор түрү

-Атайын ойлоп табылган оюн

-Адамдардын арасында колдонулуп калган сөз

№2.Эгерде сиз жарылуучу затка окшогон буюмду көрүп калсаңыз эмне кылышыңыз керек?

-Үйгө алып барып ачып көрөм

-Досторумду чакырып буюмду көрсөтөм

-Көрмөксөнгө салып өтүп кетем

-Тийиштүү кызматтагыларга кабарлайм

№3.Барымтага түшүп калсаңыз эмне кылууңуз керек?

-Өзүңүздү каалагандай эркин алып отурасыз

-Качканга аракет жасайсыз

-Террорчулар менен конфликте барбай,алардын айтканын жасайсыз

-Террорчуларга кошулуп,аларга жардам бересиз

№4.Эвакуацияга сигнал берилгенде биринчи эмнелерди алып чыгуу керек?

-Акчаларыңызды

-Эң жакшы көргөн буюмуңузду

-Докуметтериңизди

-Колуңузга эмне туш келсе ошону

№5.Көздөн жаш чыгаруучу газ колдонулган учурда эмне кылыш керек?

-Чукур дем аласыз

-демди ичке катуу керек

-Сууланган жүз аарчы аркылуу дем аласыз

-Колуңузду булгалап,жардамга чакырасыз

№6.Терроризм менен ким күрөшүү керек?

-Окуучулар

-Чоң кишилер

-Депутат жана министрлер

-Атайын мамлекеттик кызматкерлер